**И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**№4 протоколунан көчүрмө**

Бишкек ш. 2021-ж. 29-декабрь

**Катышышты:** Окумуштуулар кеңешинин 53 мүчөсүнүн ичинен 41 мүчөсү (курамдын 77,3%).

**Угулду:** И. Раззаков атындагы КМТУнун 2021-2030-жылдарга Стратегиялык өнүгүү программасы боюнча 2021-жылга отчету жана 2022-жылы аны ишке ашыруу планын бекитүү.

1) ректор М.К.Чыныбаев: И. Раззаков атындагы КМТУнун 2021-2030 жылдарга стратегиялык планы боюнча 2021-жылга отчету (презентация), (отчет тиркелди).

Урматтуу Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү! Өзүңүздөр билгендей, биз 2021-жылы майдагы Окумуштуулар кеңешинде 2021-2030-жылдарга Стратегиялык өнүгүү программасын кабыл алганбыз. Ректорат акыркы күндөрү 2021-жылы ушул документти аткаруу боюнча терең анализ жасады. Стратегиялык программанын иш-чараларында 8 негизги багыт каралган. Алар Өкмөттүн жана ББжИ министрлигинин саясатына дал келет. Стратегияны кабыл алгандан баштап, бизде көп жумуштар жасалыптыр. 2021-жылга пландалган иш-чаралардын бардыгы ишке ашырылды. Албетте, Стратегияны 100 пайызга ишке ашырууга бардык коллективдин салымы чоң. Эмки жылы иш-чаралардын саны бул жылга караганда көбүрөөк. Эл аралык рейтингге катышуу, окутуучулардын илимий иштеринин сапатын жогрулатуу, илимий лабораторияларды жана КМТУнун инфраструкутрасын жакшыртуу ж.б. боюнча аракеттерибизди күчөтүү зарыл. Ошондуктан, биз мындан ары да активдүү иш алып барышыбыз керек.

2) И. Раззаков атындагы КМТУнун 2021-2030 жылдарга Стратегиялык программасын 2022-жылы ишке ашыруу планын бекитүү.

**Сунуш:**
Кыдыков А.А.: Бул стратегияга Илимий изилдөө институттарынын стратегияларын жасоону киргизүү керек же долбоорлорду жасоону тапшыруу керек.

**Жооп:** ректор М.К.Чыныбаев: Рахмат! Бирок Стратегиялык өнүгүү программасына ири иш-чаралар киргизилет. Аларга таянып ар бир окуу жылына КМТУнун ар бир түзүмдүк бөлүмүнүн планы даярдалып, бекитилет. Бул планга кошумча иш-чараларды кошобуз. Сиздин сунуштү да ошол планга киргизүүнү сунуштайм.

**Чыгып сүйлөштү:** декандар жана директорлор: 2022-жылга абдан жакшы, амбициялуу максаттар коюлуптур. Алардын баары ийгиликтүү ишке ашсын. Аларды каржылоо маселеси да каралсын.

**Бир добуштан токтом кабыл алынды:**

1. И. Раззаков атындагы КМТУнун 2021-2030 жылдарга стратегиялык планы боюнча 2021-жылга отчету боюнча маалымат эске алынсын жана бекитилсин.
2. И. Раззаков атындагы КМТУнун 2021-2030 жылдарга стратегиялык планын 2022-жылы ишке ашыруу планы бекитилсин.

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы, ф-м. и. к., доцент М.К.Чыныбаев

Окумуштуу катчы
т.и.к., профессор Б.Э.Таштобаева